***УДК 37.013.575.2.016***

## ОКУУЧУЛАРДЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТТАРЫ

Омурзакова Гүлнара Таштановна- б.и.к., доцент
ORCID: 0009-0009-5227-8753,
Абдумаликова Фарангиз - магистрант,
Кыргыз Республикасы, Баткен мамлекеттик университети

***Аннотация.*** *Жер жүзүндөгү экологиялык кырдаал, экологиялык проблемалардын глобалдуу мүнөзү жана алардын жер планетасынын ар кайсы региондорунда пайда болушу ар бир адамдын, кээ бир элдердин жана жалпы эле адамзаттын ойлонуусун кайра куруруга алып келет. Ушуга байланыштуу экологиялык билим берүү инсанды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн үзгүлтүксүз жараяны катары каралып, алардын илимий жана практикалык билимдерине жана ык-машыгууларына, жүрүш-турушуна, ишмердүүлүгүнө багытталат. Булар педагогикалык теориянын жана практиканын жаңы приоритеттүү багыты болуу менен бирге ден соолукка жана курчап турган социалдык чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамилени камсыз кылат. Учурдагы экологиялык проблемалардын курч мүнөзү мектеп алдына чоң социалдык жана экономикалык маанидеги милдеттерди коет: аларга жаш муундарды жаратылышка аяр мамиле жасоого ошондой эле жаратылыш байлыктарын сактоого тарбиялоо кирет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жаратылыш кубулуштары, экологиялык абал, проблемалар, окутуу, экологиялык тарбиялоо, жаратылыш, курчап турган чөйрө, кам көрүү, сактоо, каражаттар, методдор.*

## СРЕДСТВА ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ ШКОЛЬНИКОВ

Омурзакова Гульнара Таштановна- к.б.н., доцент
ORCID: 0009-0009-5227-8753,
Абдумаликова Фарангиз- магистрант,
Кыргызская Республика,
Баткенский государственный университет

***Аннотация.*** *Глобальный характер экологической ситуации на Земле, глобальный характер экологических проблем и их возникновение в разных регионах планеты приведут к перестройке мышления каждого, отдельных народов и человечества в целом. В связи с этим экологическое образование рассматривается как непрерывный процесс обучения, воспитания и развития личности, и направлено на ее научные и практические знания и навыки, поведение, деятельность. Это новое приоритетное направление педагогической теории и практики, обеспечивающее при этом ответственный подход к здоровью человека и окружающей социальной среде. Острый характер современных экологических проблем ставит перед школой большие социально-экономические задачи, в том числе воспитание у подрастающего поколения бережного отношения к природе и сохранения природных ресурсов.*

***Ключевые слова:*** *природные явления, экологическая ситуация, проблемы, обучение, экологическое воспитание, природа, окружающая среда, забота, бережное отношение, средства, методы.*

## A MEANS OF ECOLOGICAL EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

Omurzakova Gulnara Tashtanovna **-** candidate of biological sciences, associate professor,
ORCID: 0009-0009-5227-8753,
Abdumalikova Farangiz – masters student,
Kyrgyz Republic, Batken State University

**Abstract.** *The global nature of the environmental situation on Earth, the global nature of environmental problems and their emergence in different regions of the planet will lead to a restructuring of the thinking of everyone, some peoples and humanity as a whole. In this regard,*

*environmental education is considered as a continuous process of teaching, upbringing and development of individuals, and is aimed at their scientific and practical knowledge and skills, behavior, activities. These are a new priority area of pedagogical theory and practice, while ensuring a responsible approach to health and the surrounding social environment. The acute nature of the current environmental problems imposes great social and economic tasks on the school: they include the education of the younger generations to respect nature and the preservation of natural resources.*

***Key words:*** *natural phenomena, ecological situation, problems, training, environmental education, nature, environment, care, careful attitude, means, methods.*

Учурда мектепке чейинки жана мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоо максатында мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу Кыргыз билим берүү академиясынын базасында тийиштүү иш-аракети орун алууда [1]. Тарыхый көз караштан алганда Кыргызстандагы мектептик жалпы билим берүүнүн мазмуну билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга, ал эми 2015-жылдан баштап компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясына негизделип долбоорлонуп келе жатканы белгилүү. Ага байланыштуу соңку мезгилдеги илимий-педагогикалык негиздерди калыптандырууда компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясы басымдуу роль ойноп келе жатат [2].

Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарында экологиялык билим берүүгө да өзгөчө орун берилген.

Экологиялык жактан тарбиялоону окуучулардын кичинекей кезинен эле баштоо керек. Курчап турган чөйрөдө бардык нерсенин тарбиялык мааниси бар. Чоң кишилердин алдында турган милдет окуучуларда тазалыкты, сулуулукту, кооздукту жаратуу жана сактоо боюнча активдүү ишмердүүлүккө чегерүү.

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо курчап турган дүйнөгө экологиялык жактан туура мамиле жасоону өнүктүрүүчү ар түрдүү каражаттардын жана формалардын жыйындысын айкалыштыруу керек. Окутуучулар инсанды экологиялык жактан өнүктүрүүгө таасир тийгизген факторлорго, каражаттарга көңүл бурууга тийиш.

Экологиялык жактан тарбиялоонун факторлорун карап чыгабыз. Педагогдор экологиялык жактан тарбиялоонун төмөнкүдөй *факторлорун* бөлүп көрсөтүшөт:

* Жаратылышты таанып билүү;
* Мектептеги экологиялык тарбиялоо;
* Массалык маалымат каражаттары.

Ар бир фактор өз ичине эмнени камтыйт?

Галина Лабковская белгилегендей “Экологиялык көз караштан караганда турмуш-тиричилик инсандын экологиялык жактан өнүгүүсүнүн, тайпанын жана коллективдин экологиялык жактан өнүгүүсүнүн деңгээлинен көрүнөт. Материалдык чөйрө, анын рухийлиги же рухий эместиги - аны түзгөн адамдардын сапаттарынын көрсөткүчү” [3].

Т.А. Викторович өзүнүн “окуучуларды адептик-экологиялык жактан тарбиялоо” деген эмгегинде мектептеги жашоонун окуучуларга тийгизген таасирин белгилейт. Мектеп жашоосунун экологиясы- бул класстардагы таза абал, кааналардын, залдын, каридорлордун жана башкалардын тазалыгынын абалы. Бурчтардын, стенддердин кооз жасалгасы - педагогдун окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодогу жардамчысы [4].

Экологиялык тарбиялоонун негизги маанилүү формаларынан болуп төмөнкүлөр саналат:

- Окуучуларга педагогдордун экологиялык жактан билим берүү ишмердүүлүгү;
- Экологиялык майрамдарды жана эс алууларды уюштуруу;
- Экскурсиялар;
- Окуучуларды курчап турган жаратылыш менен күнүмдүк жашоо процессинде тааныштыруу;
- Эмгек ишмердүүлүгү;
- Чыгармачылык иштердин конкурстарын жана көргөзмөлөрүн уюштуруу;
- Экологиялык олимпиадаларга жана конкурстарга окуучуларды катыштыруу.

Жүрүш-туруштун маданиятты жөнүндө да В.А. Сухомилинский да өз оюн билдирип кеткен. Жүрүш - туруштун маданияты катары ал чоңдор менен балдарды, балдар менен балдардын ортосундагы мамилени түшүнгөн коллектив ичиндеги таасир этишүүлөрдүн экологиялык жактан тарбиялоого тарбиялык таасири–табият менен таттуу мамиле түзүү тарбиясынан көрүнөт. Адамдардын ички дүйнөсүндөгү каалоолорун билүү инсандын калыптануусундагы өтө маанилүү стимул катары көрүнөт [4].

А.С. Макеренко экологияга жакшы мамиле жасоо менен өзүн өтө жакшы сезе билүү, корголгон абал катары түшүндүргөн. Ушул абал инсандын каллективдеги өзүн көрсөтө алуусуна стимул болот, окуучулардын чыгармачылыктарын өстүрүүгө жакшы шарт түзөт, бири – бирине болгон мамилесинин сулуулугун көрсөтөт. Мындай мамилелердин түзүлүшүнө булар жардам берет: *достук, бири-бирине жардамдашуу, ишеним, жакшылык каалоо, көңүл буруу.* Чоң кишилердин бири-бирине, жаратылышка болгон мамилеси да балдарга өз таасирин калтырат.

Балдар үй-бүлөдөгү мамилелерден да мамиле түзүү тажрыйбасын топтойт. Үй-бүлө да экологиялык жактан тарбия берүүнү калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү мааниге ээ. Бирок бардык эле үй-бүлөлөр экологиялык жактан балдарды тарбиялоого көңүл бура беришпейт. Үй-бүлөдө айлана-чөйрөнүн кооздугу жана аны сактоо жөнүндө, жаратылышка кам көрүү жөнүндө сөз болбосо экологиялык тарбиялоо жөнүндө ойлобой эле коюш керек. Мындай үй-бүлөлөргө мугалим жана билим берүүчү мекемелер жардамга келет. Мугалим экологиялык жактан тарбиялоо тажрыйбасынын бөксө жерин толтурат. Ал балдар менен гана эмес, алардын ата-энелери менен да экологиялык тарбиялоо жөнүндө маектешүүгө, сүйлөшүүгө тийиш.Көптөгөн үй-бүлөлөрдө дем алыш күндөрүн жана майрамдарды жаратылышта, дарыянын боюнда өткөрүү жакшы салтка айланган. Мында тажрыйбалуу ата-энелер балдарды жаратылышка жакшы аяр мамиле жасоого үйрөтүшөт жана андагы кооздукту, сулуулукту белгилеп өтүшөт.

Билим берүүчү мекемелер гана окуучуларга максаттуу түрдө экологиялык жактан тарбия берүүнү жүзөгө ашырат. К.Д. Ушинский белгилегендей мектептеги ар бир предмет баланы тарбиялайт. Ар бир предметте бир аз болсо да экологиялык элемент бар.

Окуу предметтеринен сырткары экологиялык жактан тарбиялоонун булагы катары*экскурилар, ар түрдүү класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы экологиялык иштер* эсептелет. Алар аркылуу инсандын курчап турган чөйрөгө болгон аяр мамилеси өнүгөт.

Экологиялык тарбиялоонун формалары жана каражаттары ар түрдүүчө. Экологиялык тарбиялоонун маанилүү булагына жаратылышка болгон туура мамиле жана жашыл экономиканы өнүктүрүү кирет.

Ойлонуу экологиялык жактан толгонууну тереңдетет. К.Г. Паустовский айткан: «Билимдүү адам жердин кооздугун көрө алат, ал эми билимсиз адам көрө албайт»! Сулуулук, кооздук чыныгы билимдин бир критерийи болуп саналат. Таанып-билүү процесси окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоону өнүктүрүүгө таасирин тийгизет. Эмгек кандайча экологиялык жактан тарбиялоого таасирин тийгизерин карап көрөбүз.

Акыл эмгеги же болбосо физикалык эмгек таанып-билүү процесси сыяктуу окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоого активдүү таасир этет.

Таасир этүүнүн негизги жолдору болуп төмөнкүлөр саналат:

- Эмгек процесси;
- Экологиялык иштин мазмуну;
- Эмгектин жыйынтыгы;

Туура уюштурулган эмгек ар дайым канааттануу сезими жана рахат алуу сезими менен коштолот. Эмгекте колдонулган жаратылышка жакшы мамиле экологиялык башатка ээ болот. Адамды анын эмгегинин жыйынтыгы кубандырат. Чоң тарбиялык максатка эмгектеги ыраттуулук жана окуучулардын биргелешип иштөсүндөгү мамилелердин кооздугунан ээ болсо болот. А.С. Макаренко тастыктагандай тарбиялоо ишинде кийимдердин, бөлмөнүн, тепкичтин, мектептин тазалыгы жүрүш-туруштун эстетикасынан аз мааниге ээ болбойт.

Окуучулардын коллективдеги мамилелешүүсү, тазалыкка болгон кам көрүүсү – бул окуучулардын экологиялык жактан тарбиялоонун жакшы мектеби. Бирок бул жерде мамиле түзүүнүн каражаттары экологиялык тарбиялоонун мазмунуна жооп бериши керек.

Жаратылыш – окуучулардын экологиялык жактан толгонууларынын негизги булагы болуп саналат. Жаратылыш натуралдуу жана кыймылга келип турат. Анын сүрөттөлүштөрү ар дайым табигый жана таза, аларда ар түрдүү түстүн спектри бар болуу менен жыл мезгилдери алмашканда алмашып турат. Жаратылыш адамдын ички дүйнөсүнө таасир этет. Ошондуктан аны коргоо жана сактап калуу керек [5].

Жаратылыш бул биз көргөн жана уккан нерселер гана эмес. Ал жерге түшкөн жалбырактардын шуулдаганы, чымчыктардын сайраганы, дарыянын шаңы. Алардын биргелешүүсү окуучуларда толгонуулардын комплексин жаратат. Алар жаратылыш менен системалуу мамиле түзгөндө окуучулар үчүн бул көрүнүштөр баалуу болуп калат да,экологиялык жана патриоттук сезимдеринин негиздеринде орун алат. К.Д. Ушинский белгилегендей баланын бак ичинде же талаада өткөргөн бир күнү мектепте өткөргөн күндөрүнөн көп сыяктуудай болот [6].

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун *милдеттери* болуп төмөнкүлөр саналат:

- Окуучуларды жаратылыш жана анын кубулуштары менен тааныштыруу;
- Жаратылыш кубулуштарынын ортосундагы башланыштарды билдирүү;
- Жер планетасынын көп образдуулугу боюнча алгачкы элестөөлөрүн калыптандыруу;
- Экологиялык элестөөлөрүн калыптандыруу;
- Адам жаратылыштын бир бөлүгү экенин, адамдын жер жүзүндөгү жашоосу курчап турган чөйрөдөн көз каранды экенин түшүндүрүү;
- Жаратылышта өзүн туура алып жүрүүсү;
  Жаратылышка жана аны сактоого болгон туура мамилесин калыптандыруу.

Окуучуларга экологиялык тарбия берүүнүн *методдору:*

*Көрсөтмөлүү методдорго* төмөнкүлөр кирет: байкоо жүргүзүү, сүрөттөрдү карап анализдеп чыгуу, экология боюнча видеофильмдерди, кинофильмдерди жана презентацияларды экранга демонстрациялоо;

*Практикалык методдор:* тажрыйбаларды жүргүзүү, моделдештирүү;

*Сөздүк методдор:* жаратылыш жөнүндө аңгемелешүү, көркөм чыгармалар менен таанышып чыгуу;

*Байкоо методу:* жаратылыштын кубулуштарына жана объектилерине пландуу түрдө байкоо жүргүзүү;

Окуучулар менен иштөөдө *иллюстративдик материалдарды пайдалануу:* дидактикалык сүрөттөр, презентациялар;

*Тажрыйба жана эксперимент жүргүзүү методу;*

*Проект түзүү методу.*

Экологиялык тарбиялоонун формалары жана каражаттары ар түрдүүчө.

Экологиялык тарбиялоо боюнча мектеп окуучуларын тарбиялоодогу жалпы билим берүүчү мекемелердин ишмердүүлүгү төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- Окуу жана экологиялык ишмердүүлүк;
- Окуудан сырткаркы экологиялык иштер;
- Ички мектептик экологиялык иштер;
- Мектептен тышкаркы иштер;
- Экскурсиялар;
- Ата энелер менен экологиялык максатта кызматташуу.

Экологиялык тарбиялоо педагогикалык ишмердүүлүктүн системасын аныктайт, ал окуучуларды экологиялык жактан өнүктүрүүнүн бардык активдүү жана субъективдүү

мүмкүнчүлүктөрүн өз убагында толук колдонот. Бул элементтердин ар биринин ичиндеги педагогикалык иштин атайын формалары жана меддору болуп төмөнкүлөр саналат:

- Түшүндүрүү;
- Глобалдык экологиялык проблемаларды анализдөө;
- Экологиялык милдеттерди чечүү;
- Экологиялык жактан тарбиялоодо үлгү көрсөтүү.

Экологиялык тарбиялоонун *негизги формалары* болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- Лекциялар жана аңгемешүүлөр;
- Жандуу жаратылышка экскурсиялар;
- Тегерек столдогу жолугушуулар ж. б. .

Экологиялык тарбиялоонун формалары жана методдору өз-өзүнчө колодонулбайт, педагогдор экологиялык каражаттардын комплексин колдонушат. Алардын негиздери болуп:

- Конференциялар;
- Жолугушуулар;
- Экологиялык маданиятты көтөрүү;
- Эмгек;
- Мамилешүү;
- Жаратылыш;
- Турмуш – тиричиликтик кырдаалдар.

Колдонулган адабияттар:

1. Мамытов, А. (2024). ПРОЕКТИРОВАНИЕ СОДЕРЖАНИЯ ОБЩЕГО ШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ: СОСТОЯНИЕ И БУДУЩЕЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 4–7. https://doi.org/10.56122/.v2i2.242
2. Арчегова И. Б. Экологическое мировоззрение – основа развития // Проблема экологии. – 2003. - №2. – С. 54 – 55.
3. Букин А. П. В дружбе с людьми и природой. – М.: Просвещение, 1991. – С.45 – 46.
4. Зверев И. Д. Экология в школьном обучении: Новый аспект образования. – М.: Просвещение, 1980. – С.35 - 36 .
5. Орозалиева, Б. (2024). Экологиялык тарбияда үй-бүлө менен мектептин ролу: Роль семьи и школы в экологическом образовании . Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(2), 179–183. https://doi.org/10.56122/.v2i2.166».